**Кыргыз Республикасынын Борбордук Шайлоо Комиссиясына**

**“Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн ишенимдүү өкүлү К.Нарынбаевтен тел. 0777-22-64-22.**

**“Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн саясий кеңешинин мүчөлөрүнүн атынан**

# **А Р Ы З**

Биздин Сизге арыз менен кайрылуубуздун себеби: 2021-жылдын 11-апрелиндеги жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо боюнча Базар-Коргон шаардык кеңешине болгон шайлоодо Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин Форма №4 үлгүсүндөгү “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмеси “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн жалпы чогулушунда кабыл алынган тизмеге туура келбейт.

“Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин Форма №4 үлгүсүндөгү талапкерлердин тизмеси Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн ишенимдүү өкүлү К.Нарынбаев тарабынан Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына тапшырылган эмес.

Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин Форма №4 үлгүсүндөгү “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмеси ыйгарым укугу жок адамдар тарабынан тапшырылган жана Форма №4 үлгүсүндөгү тизмени Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына тапшыруунун алдында башка кызыкдар адамдар тарабынан жеке кызыкчылыктарын көздөп өзгөртүлгөн.

Базар-Коргон шаары 2021-жылдын 11-февралында Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен шаар статусун алган, биз партиялык система боюнча шайлоону өткөрүү боюнча буга чейин эч кандай тажрыйбабыз болгон эмес. Партиялык система боюнча шайлоону биринчи жолу башыбыздан кечирип жатабыз. Ошол себептен биз тараптан жана Сиздер тараптан түшүнбөстүктөр болуп көптөгөн катаачылыктарга жол берилди деп ойлойбуз.

Азыркы күндөрдө биз башыбыздан оор күндөрдү өткөруп жаткан кезибиз. “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн депутаттыгына талапкерлердин ортосунда пикир келишпестиктер ушул Форма №4 үлгүсүндөгү талапкерлердин тизмесинде болуп жатат. Жалпы чогулушта кабыл алынган бөлөк тизме болгон, ал эми аймактык шайлоо комиссиясына тапшырылганда тизме таптакыр өзгөрүп кеткен. Биз бул мыйзамсыз факт боюнча Сиздерге кайрылууну чечтик, себеби дегенде шайлоонун шайтан оюндарынын курмандыгы болуп турган чагыбыз.

Биздин Сиздерден суранарыбыз Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин Форма №4 үлгүсүндөгү “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмеси ыйгарым укугу жок адамдар тарабынан тапшырылгандыктан, ошол Форма №4 үлгүсүндөгү тизмени жараксыз деп таап берүүнүздөрдү.

Себеби дегенде ал Форма №4 үлгүсүндөгү тизме төрт барактан турат, ошол төрт барак тизме “Ишеним” саясий партиясынын ишенимдүү өкүлү же аймактык жетекчиси тарабынан пронумеровка жана прошнуровка болуп мөөр басылып, кол коюлган эмес. Бул Форма №4 үлгүсүндөгү төрт барак тизме пронумеровка жана прошнуровка болуп мөөр басылып, кол коюлбагандыгынан пайдаланышып кызыкдар адамдар өз билемдикке салып тизмеге өзгөртүүлөрдү киргизишип тапшырып салышкан. Натыйжада жалпы чогулушта бекитилген тизмедеги адамдардын оруңдары жылдырылган. Бул чоң мыйзам бузуучулук фактысы деп эсептейбиз.

“Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн саясий кеңеши Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин жалпы чогулушта

кабыл алынган жана прошнуровка-пронумеровка кылынып, кол коюлуп мөөр басылган, Форма №4 үлгүсүндөгү "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмесин жана саясий партиянын протоколун колдонууга алууңуздарды суранабыз. Бул Форма №4 үлгүсүндөгү тизме акыркы жана өзгөртүүгө жатпайт.

Биз Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 18-апрелиндеги №46 сандуу чечими менен макул эмеспиз. Себеби дегенде 2021-жылдын 1-мартында Форма №4 үлгүсүндөгү "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмеси Базар-Коргон шаары боюнча координатору Д.Малабеков жана шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүл К.Нарынбаев тарабынан тапшырылган деген жообу чындыкка дал келбейт.

Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына 2021-жылдын 1-мартында "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмесинде турган кандидаттар Мурзабдиллаев Майрамбек жана Рахманов Гайрат деген жарандар тапшырышкан. Алар өз жеке кызыкчылыктарын ойлошуп 4(төрт) барактан турган Форма №4 үлгүсүндөгү тизменин "пронумеровка жана прошнуровка" болбогонун жана мөөр басылып кол коюлбагандыгынан пайдаланышып, өз фамилияларын алдыңкы орунга жылдырышып, тизмени жасалмалап оңдошкон.

Форма №4 үлгүсүндөгү "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмесин жасалмалап өзгөрткөндөн кийин, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаары боюнча координатору Д.Малабековтун жана шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүл К.Нарынбаевтин катышуусусуз эле өздөрү алып барып тапшырышкан.

Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн документтерин кабыл алууда чоң мыйзам бузуучулукка барды деп эсептейбиз. Себеби дегенде "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн депутаттыкка талапкерлердин документтерин "Ишеним" саясий партиясынын шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүл К.Нарынбаевтун жана "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаары боюнча координатору Д.Малабековтун катышуусунда алардын өздөрүнөн кабыл алуусу керек болчу.

Форма №4 үлгүсүндөгү "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмеси 4 (төрт) барактан тургандыктан ал тизмени документтерди кабыл алуу тартибинин талаптарына негиз, "пронумеровка жана прошнуровкалап" жана тизменин акыркы бетин партиянын мөөрү менен бектитип ыйгарым укуктуу өкүлдүн жана координатордун колу коюлганын текшерип кабыл алуусу керек эле.

Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын жоопттуу кызмат адамдарынын бул шалаакылык аракеттеринен улам "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү жалпы жыйында көрсөткөн талапкерлердин тизмеси өзгөртүлгөн.

Урматттуу Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү! акыркы үмүтүбүз Сиздерден, үгүт иштери учурунда шайлоочуларыбыздын алдында берген убадаларыбызды толук кандуу аткаруу үчүн, жакшы команда түзгөнбүз, бирок арабыздагы кээ бир шылуундардын айынан "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүндө Форма №4 үлгүсүндөгү тизме боюнча пикир келишпестиктен орун алууда.

Ошондуктан биздин арызыбызды калыс жана акыйкат чечип берүүңүздөрдү суранабыз.

Сиздерди терең урматтоо менен арыз ээлери:

**"Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү** ________ **К.Нарынбаев**

**"Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн саясий кеңешинин мүчөлөрү** ________ **Д.Малабеков**

________ **Т.Исаев**

________ **З.Аданов**

________ **Т.Оморов**

________ **М.Муктарканова**

________ **А.Сатаров**

**20.04.2021-жыл.**

**Кыргыз Республикасынын Борбордук Шайлоо Комиссиясына**

**“Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн координатору Малабеков Данияр Турусбековичтен тел. 0999-47-47-54.**

# А Р Ы З – К А Й Р Ы Л У У

Менин Сиздерге арыз менен кайрылуумдун себеби: 2021-жылдын 11-апрелиндеги жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо боюнча Базар-Коргон шаардык кеңешине болгон шайлоодо Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин Форма №4 үлгүсүндөгү “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмеси “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн жалпы чогулушунда кабыл алынган тизмеге туура келбейт.

Мен “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн координатору катары Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин Форма №4 үлгүсүндөгү талапкерлердин тизмесинде №1 орунда менин фамилиям жазылган эле. Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына документтерди тапшыруу боюнча “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн ишенимдүү өкүлү К.Нарынбаев милдеттүү болуп дайындалган эле.

Бирок 2021-жылдын 1-мартында “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин документтерин Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына тапшырууда ишенимдүү өкүлдүн ордуна “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмесинде турган кандидаттар Мурзабдиллаев Майрамбек жана Рахманов Гайрат тапшырышкан.

Мен “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн координатору (жетекчиси) катары Форма №4 үлгүсүндөгү тизменин акыркы бетине кол коюп мөөр басып бергенмин. Көрсө депутаттыкка талапкер кандидаттар Мурзабдиллаев Майрамбек менен Рахманов Гайрат Форма №4 үлгүсүндөгү тизменин биринчи жана экинчи беттерин компьютердин жардамы менен өзгөртүшүп тизмени жасалмалап, өздөрүн алдыңкы орундарга жылдырышкандыгы аныкталды.

“Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн депутаттыгына талапкерлердин ортосунда пикир келишпестиктер ушул Форма №4 үлгүсүндөгү талапкерлердин тизмесинде болуп жатат. Жалпы чогулушта кабыл алынган бөлөк тизме болгон, ал эми аймактык шайлоо комиссиясына тапшырылганда тизме таптакыр өзгөрүп кеткен.

Форма №4 үлгүсүндөгү “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмеси бир нече барактан тургандыктан ал тизмени документтерди кабыл алуу тартибинин талаптарына негиз, “пронумеровка жана прошнуровкалап” жана тизменин акыркы бетин партиянын мөөрү менен бекитип ыйгарым укуктуу өкүлдүн жана координатордун колу коюлганын текшерип кабыл алуусу керек эле.

Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын жоопттуу кызмат адамдарынын бул шалаакылык аракеттеринен улам “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү жалпы жыйында көрсөткөн талапкерлердин тизмеси өзгөртүлгөн.

Мен Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 18-апрелиндеги №46 сандуу чечими менен макул эмесмин. Себеби дегенде 2021-жылдын 1-мартында Форма №4 үлгүсүндөгү “Ишеним” саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмеси Базар-Коргон шаары боюнча координатору Д.Малабеков жана шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүл К.Нарынбаев тарабынан тапшырылган деген жообу чындыкка дал келбейт. Мен жана ыйгарым укуктуу өкүл К.Нарынбаев экөөбүз 2021-жылдын 1-мартында Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясына документтерди тапшырууга барган эмеспиз. Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы жалган маалымат берип жатат. Алар шалааакылыкка жол беришип, тизмени жасалмалаган документтерди кандидаттардын колдорунан кабыл алышкан.

Урматттуу Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү! мен Сиздерден Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин Форма №4 үлгүсүндөгү "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмеси жалпы жыйында кабыл алынган тизмеге дал келбей, ыйгарым укугу жок адамдар, тактап айтканда жеке кызыкчылыгын ойлогон депутаттыкка талапкер кандидаттар М.Мирзабдиллаев жана Г.Рахмановтор тарабынан жасалмаланып тапшырылгандыктан, ошол 2021-жылдын 1-мартында тапшырылган Форма №4 үлгүсүндөгү тизмени жараксыз деп таап берүүнүздөрдү суранамын.

"Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн саясий кеңеши 2021-жылдын 14-апрелинде Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин жалпы чогулушта кабыл алынган жана прошнуровка-пронумеровка кылынып, кол коюлуп мөөр басылган, Форма №4 үлгүсүндөгү "Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмү көрсөткөн талапкерлердин тизмесин жана саясий партиянын протоколун колдонууга алууңуздарды суранабыз. Бул Форма №4 үлгүсүндөгү тизме акыркы жана өзгөртүүгө жатпайт.

Сиздерди терең урматтоо менен арыз ээси:

**"Ишеним" саясий партиясынын Базар-Коргон шаардык бөлүмүнүн координатору ________ Д.Малабеков**

**20.04.2021-жыл.**

**“Ишеним” саясий партиясынын саясий кенешинин**
**Чечими**

**14.04.2021-жыл** **Базар-Коргон айылы**

Төрагалык кылуучу: Малабеков Д.
катчысы: Исаев Т.

“Ишеним” саясий партиясынын саясий кенешинин күн тартибиндеги каралуучу маселеси Саясий партия корсоткон талапкерлердин тизмесин озгортууну сунуштоо.

Базар-Коргон шаарынын “Ишеним” саясий партиясынын координатору Д.Малабеков сөз сүйлөп, анда мурда макулдашылган боюнча Базар-Коргон шаардык кеңешке депутатыкка талапкерлердин шайлоо участкаларында коп добуш алган талапкерлердин татыктуусун карап, “Ишеним” саясий партиясынын саясий кенеши макулдашып тизмени озгортуу боюнча саясй кенештин мучолорунон кандай сунуштар бар.

“Ишеним” саясий партиясынын кеңешинин мучосу Т.Исаев соз суйлоп, анда шайлоо угут иштеринде активдуу катышкан талапкерлердин иш жондомун баалоо менен мурдагы саясий партия корсоткон талапкерлеридин тизмесин жокко чыгаруу менен жаныдан саясий чечим кабыл алып. тизмеге озгортуулорду киргизууну жана жаны тизме тузулушун сунуштады.

Жогорудагылардын негизинде, күн тартибиндеги маселелерди карап, “Ишеним” саясий партиясынин саясий кенеши.-

**Ч Е Ч И М К Ы Л А Т:**

1. “Ишеним” саясий партиясынын саясий кеңеши мурдагы 01.03.2021-жылдагы саясий партия корсоткон талапкерлердин тизмесине орун алмаштырылсын
2. “Ишеним” саясий партиясынын шайлоого катышкан талапкерлердин озгортулган жаны тизмеси тиркелсин.

“Ишеним” саясий партиясынын
саясий кенешинде төрагалык кылуучу: Малабеков Д.

Мучолору: Т.Исаев,

З.Аданов,

Т.Оморов

М.Муктарканова